"Макулдашылды"
педагогикалык кеңешме
токтом № 1
"3" "09" 2021

"Бекитемин"
мектеп мүдүрү
Мамышова Т.А.
________

**Кыргыз Республикасынын Чуй облусунун Аламүдүн районунун Арчалы айылындагы генерал С.Самсалиев атындагы Жогорку-Аларча жалпы билим берүү орто мектебинин алдын алуу Кеңешинин ЖОБОСУ**

**1. Жалпы Жобо**

Алдын алуу кеңеши Балдардын укугу Конвенциясынын, КР 25.06.2005ж N282 «Укук бузууну алдын алуу» мыйзамынын, КР ИИМ 26.08.2008 N2188 жана ББ ж/а илим министрлигинин 26.08.2008 N2524/1 буйругунун негизинде түзүлдү.

2. Иштин мазмуну жана милдети

2.1. Алдын алуу кеңешинин негизги милдети:

-укук бузуунун, өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугун жана балдардын өз жанын кыюусун, эрте никелешүү жана эрте бойго бүтүү, балдарга зордук зомбулук кылууну алдын алуу экстремизм, терроризмди алдын алуу

-окуучулардан укук маданиятынын негиздеринин жана законго баш ийишин калыптандыруу

-балдардын укугун коргоо

2.2. Кеңештин мүчөлөрү мектепте алдын алуу иштерин пландоого катышат.

2.3. Алдын алуу кеңеши коомдук башкаруу органы катары кеңеш берүүчү чечим кабыл алат. Мектептин администрациясы бул чечимдин негизинде буйрук чыгарат.

3. Алдын алуу кеңешинин курамы

Алдын алуу кеңеши мектеп администрациясынын өкүлүнөн, (директордун тарбия иштери боюнча орун басары) пед.жаматтын мүчөсүнөн, ИДНдин инспекторунан, соц педагог, коомдун жана территориалдык коомдук алдын алуу борборунун өкүлү, ата-энелер комитетинин өкүлүнөн түзүлөт.

4. Алдын алуу кеңештин түзүлүшү

4.1. Алдын алуу кеңеши ачык добуш берүү менен председателди, орун басарын, катчысын комиссиянын мүчөлөрүн шайлашат.

4.2. Алдын алуу кенешинин комиссиялары -турмуш-шарты оор үй бүлөөлөр менен иштөө комиссиясы үй бүлөөнүн төмөнкү көйгөйлөрүн чечет; жашы жете элек өспүрүмдөрдүн укугун коргойт, балдарды социалдык жактан

коргойт, тарбиялоого оор балдар менен иштөө комиссиясы тартип, билим алуу, окуу процессин уюштуруу, алдын алуу, окуучулардын жайкы практикасы жана эс алуу маселелерин чечет укук комиссиясы тиешелүү иш-кагаздарын иштеп чыгып, алдын алуу кеңешинин иш-алып баруусу боюнча, КДД менен үй бүлөнү колдоо бөлүмү, ИДН менен байланышып иш жүргүзөт.

5. Алдын алуу кеңешинин ишин уюштуруу

5.1. Алдын алуу кеңеши ай сайын отурум өткөрөт. Зарыл болгон учурда кезексиз отурум өткөрүлөт.

5.2. ААК чечими көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Мында мүчөлөрдүн баардыгы катышуусу керек.

5.3. ААК кеңештин отурумунда кабыл алынган жана мектептин директору менен макулдашылган план боюнча иштейт.

5.4. ААКтын отурумунда протокол түзүлөт.

5.5. ААК отурумдарынын аралыгында 6 адамдан турган президиум иштейт.

-төрага

-тераганын орун басары

-3 комиссиянын төрагалары

-катчылары

-президиум ААКтын өтө турган ишин уюштурат, отурумга материал даярдайт, күн тартибиндеги маселенин чечилишин жана чечимдин аткарылышын көзөмөлдөйт. Президиумдун чечими кеңеш берүүчү мүнөздө.

6. ААКтын жана анын мүчөлөрүнүн милдеттери.

6.1. ААК укуктары:

-кеңешке алдын-алуу иштери боюнча маселерди талкууга коюуга,

-кенештин отурумуна окуучуну, ата-энесин же аларды алмаштыруучу адамды алдын алуу иштерин жүргүзүү үчүн чакырууга,

-мектептин муталимдеринен баланын окуусу жүрүм-туруму, башка окуучулар менен мамилеси, уй бүлөдөгү тарбиясы,

-баланын тарбиясына жана окуусуна,

-ата-энесинин таасири жөнүндү маалымат алууга,

-ИДН менен бирдикте укук бузуу, балдардын өз жанын кыюусу, балдарга көрсөтүлгөн зордук-зомбулук, эрте никелешүү, эрте боюна болуу, экстремизм, терроризмди алдын алуу боюнча рейддерди жүргүзүүгө

-мектептин муталимдеринин алдын алуу иштери боюнча ойлорун угууга.

6.2. ААКтын милдети

-мугалимге, ата-энеге же аларды алмаштыруучу адамга кеңештин иши боюнча маалыиат берүүгө

-зарыл болгон учурда жогорку уюмдарга кеңештин иши боюнча маалымат берүүгө (в соответствии с его компетенцией)

## 7. ААКтын колдонуучу таасир берүүчү жазалар

7.1. Окуучулар үчүн жабырлануучудан кечирим суроого милдеттендирүү -мектептин учетуна коюу -мектептин администрациясына өтүнүч кат жазуу

а) эскертүү берүүгө

б) сөгүш же катуу сөгүш берүүгө

в) КДДга берүүгө (представление)

г) ИДНге өтүнүч кат берүүгө

7.1. Окуучунун ата-энесине

а) ата-энени педкеңешке чакыруу

б) КДДга жиберүү (представление)

в) ИИБ жаза колдонуу учун ата-энеге өтүнүч кат жиберүүгө

## 8. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө

ААКтын чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө – кенеште каралган мектептин же ИДНдин учетунда турган окуучулардын үй бүлөсүн изилдөө – коомдук өкүлү же ИДН менен рейд жүргүзүү – окуучунун жүрүм- турумунун оңолгондугу боюнча кеңеште кайрадан кароо

ААКтын төрагасынын укук бузуучу жана анын ата-энеси менен жекече баарлашуусу – окуучунун жүрүм-турумун көзөмөлдөө боюнча бекитилген жоопкерчиликтүү адамдын персоналдын көзөмөлү

## 9. ААКтын иш кагаздары

Иш кагаздары мектептин директорунун буйругуна ылайык жүргүзүлөт - окуу жылына иш планы - отурумдардын токтомдору - укук бузуучуларга сунуштар - персоналдык көзөмөлдөө жана рейддер боюнча отчеттор, справкалар -изилдөө актылары